КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЫСЫК-КӨЛ РАЙОНУ

ШАЙЫБЕК АТА
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ИССЫК-КУЛЬСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ
АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА
ШАЙЫБЕК АТА

**Шайыбек ата айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин XV-сессиясы**

**Токтом №5**

**28.01.2026-жыл** **Чоң-Сары-Ой айылы**

**Шайыбек ата айыл аймагынын 2026-жылга карата жергиликтүү бюджетин бекитүү жана 2027-2028-жылдарга карата жергиликтүү бюджетинин болжолдуу долбоорло жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" Мыйзамынын 31-беренесинин 2-бөлүмүнүн 2-пунктунун негизинде, Кыргыз Республикасынын "Бюджеттик Кодексинин" VIII-бөлүмүнүн 78-беренесине ылайык, Шайыбек ата айыл аймагынын 2026-жылга карата жергиликтүү бюджетинин долбоорун жана 2027-2028-жылдарга карата жергиликтүү бюджетинин болжолдуу долбоорлорун карап, талкуулап чыгып Шайыбек ата айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Шайыбек ата айыл аймагынын 2026-жылга карата жергиликтүү бюджетинин көлөмү кирешелер жана чыгашалары боюнча 182 447,2 (жүз сексен эки миллион төрт жүз кырк жети мин эки жүз) сом, анын ичинде атайын каражаттар боюнча 6 588,0 (алты миллион беш жүз сексен сегиз мин) сом менен бекитилсин.

2.2027-жылга карата жергиликтүү бюджет кирешелер жана чыгашалары боюнча 194 575,2 (жүз токсон төрт миллион беш жүз жетимиш беш мин эки жүз) сом өлчөмүндөгү долбоору жактырылсын.

3. 2028-жылга карата 208 835,2 (эки жүз сегиз миллион сегиз жүз отуз беш мин эки жүз) сом өлчөмүндөгү долбоору жактырылсын.

4. Жыл ичинде акча-каражаттын сарпталышы бекитилген бюджет боюнча жүргүзүлсүн.

5.Токтомду каттоо жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн облустук Юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.

6. Токтомдун аткарылышы Шайыбек ата айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Исанаевага Социалдык экономикалык бөлүмүнүн башчысы А.Токтобековага милдеттендирилсин.

7. Токтомду көзөмөлгө алуу жагы "Бюджет, финансы, экономика, инвестиция тартуу жана орто чакан бизнести өнүктүрүү боюнча" туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **Т.Туйгунов**

*Жиб: иш кагаздарына-1, Ысык-Көл райондук финансы бөлүмүнө -1, айыл Өкмөтү-1, обл юст-2.*